**№87 жалпы орто билимберүү мектебинин өнүгүү программасынын 2016-2017-окуу жылындагы теориялык таанышуу этабында аткарылган иштердин отчету**

**Программанын аталышы:** №87 жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-жылга чейинки өнүгүү программасы
Тема: **"Ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу"**

**Программанын максаты:** Ар кандай деңгээлдеги окуучулар менен иштөө, сабак учурунда деңгээл боюнча тапшырмаларды берүү менен ар бир окуучуну бардык предметтерге кызыктыруунун жолдорун таба билүү жана алардын жыйынтыгын чыгаруу
2016-2017-окуу жылында программанын **теориялык таанышуу этабы** ишке ашырылды. Башкача айтканда ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуунун жолдору менен педагогикалык жамаат тааныштырылды. Окуучулардын билим деңгээлин текшерилди.
Мектептин билим берүү системасынын өнүгүшүнүн **стратегиялык максаты:**
Ар түрдүү деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен, ар тараптан өнүккөн,чыгармачыл, изденген, Өз Ата Мекенин сүйгөн, аны коргой билген , патриоттук духта тарбияланган, толеранттуу, компетенттүү инсанды тарбиялоо үчүн шарттарды түзүү болуп саналат.

| Программаны ишке ашыруудагы милдеттер | күтүлүүчү жыйынтыктар |
|---|---|
| Усулдук бирикмелердин тандап алган темасы боюнча 5 жылдык план түзүүсүн уюштуруу жана жетектөө | Педагогикалык кадрлардын ар бир окуучу менен деңгээлдештирип иштөөдөгү жекече мамиле кылуусунун жогорулашы |
| Мугалимдердин билимин жогорулатуунун үзгүлтүксүз системасын ишке киргизүү | Педагогикалык ишмердүүлүк процессинде кесиптик чеберчиликтин жогорулашы |
| Окуу процессинде окуучуларга сапаттуу билим берүүдө жана аларга дифференцирленген мамиле кылууда мугалимдердин чыгармачылык менен иштөөсүнө шарт түзүү | нформациялык жашоо шартына мугалимдерди жана окуучуларды даярдалат, чыгармачыл иштеген мугалимдердин саны көбөйөт |
| Ар бир окуучунун чыгармачылык изденүүсүнө жол ачуу менен алар менен жекече иш алып баруу, начар өздөштүргөн окуучуларды жакшы өздөштүргөн окуучулардын деңгээлине теңөө, алардын компетенттүүлүгүн жогорулатуунун үстүндо иш алып барууга шарт түзүү | Мугалимдердин инновациялык технологияларды колдонуу аркылуу ар бир окуучуну интерактивдүү доска менен иштеп, керектүү маалыматтар менен камсыз болушат |
| “Жылдын мыкты кабинети ”, “мыкты мугалим”, “мыкты жаш мугалим”, “мыкты | Мугалимдердин чыгармачыл потенциалы жогорулайт. |

Сканировано с CamScanner

| | |
|---|---|
| класс жетекчи" конкурстарын уюштуруу жана райондук, шаардык денгээлдеги конкурстарга алып чыгуу | |
| Тажрыйбалуу чыгармачыл мугалимдердин методикасын шаардык мугалимдерге көргөзүү жана жайылтуу | Мектеп педагогдорунун социалдык - кесиптик статусунун жогорулайт |
| Жаш жана бул мектепке жаңы кирген,педагогикалык кыйынчылыктырга дуушар болгон мугалимдер үчүн тажрыйба жайылтуу | ."Жаш мугалимдер мектебинен" такшалган мугалимдин өсүп чыгышат. Жаш мугалимдердин толеранттуулугунун, компетенттүүлүгүнүн жогорулайт |
| Окуучулардын бош убактыларын үнөмдүү пайдалануу максатында ар бир окуучуга билим алуудан сырткары ар кандай кружокторго катышууга шарт түзүү. | Бош убактыларын үнөмдүү пайдаланууну үйрөнүшөт, Окуучулардын таанып билүү жөндөмдүүлүгү өсөт |
| Окуучулардын инновациялык технологияларды колдонуу аркылуу таанып билүүчүлүк жөндөмдөрүн изилдөө | Окуучулардын таанып билүүчүлүгүнүн өсүшү, ар бир окуучунун интерактивдүү доска менен иштей алуусу, интернет булактарынан керектүү маалыматтарды ала билүүсү |
| Окуучулардын илимий – изилдөө иштерин өнүктүрүү, Окуучулардын илимий коомунун ишин уюштуруу | Окуучулардын патриоттук сезимдеринин ойгонушу Окуучулардынар түрдүү тарыхый жана интернет булактары менен иштей алышы |


2016-2017-окуу жылы мектептин өнүктүрүү программасынын теориялык таанышуу этабында пландаштырылган иш чаралардын бардыгы ишке ашты.

Мектептин методикалык темасынын негизинде билим берүүнүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу үчүн окуучулардын окуу программаларын өздөштүрүү деңгээлине жараша педагогодор дифференцирленген мамиле кылуунун үстүндө иш алып барып жатканын байкоого болот. Билим сапатынын жылдан жылга стабилдүү өсүшү окутууда түрдүү формадагы инновациялык ыкмаларды пайдалунуу менен ар бир окуучуга дифференцирленген мамиле кылуу аркылуу түшүндүрүлөт. Билим сапатын аныктоо максатында даярдалган диагностикалык –анализдик иштер окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, окуу программасына негизделип түзүлүп, окуучунун өзүнүн жөндөмүн, билимин, логикалык ой толгоосун жана өзүнө баа берүүгө дем берет.

Окуу жылында 56 класс комплек түзүлүп, 1898 окуучу билим алышты.
Аларды окутууда жалпы 88 педагогикалык кызматкерлер эмгектенди
Билими боюнча:


| Жогорку билимдүү | Бүтпөгөн жогорку | Атайын орто |
|---|---|---|
| 76 | - | 12 |

Сканировано с CamScanner




Педагогикалык стажы боюнча

| 5 жылга чейин | 5-10 жылга чейин | 11-15 жылга чейин | 15-25жылга чейин | 25жылдан жогору |
|---|---|---|---|---|
| 35 | 24 | 8 | 13 | 8 |




Жаш мугалимдердин  жалпы саны -21

| Биринчи жыл иштегендер | Экинчи жыл иштегендер | Үчүнчү жыл иштегендер |
|---|---|---|
| 6 | 10 | 5 |

Методикалык иштер боюнча директордун орун басары Чечеева М.З педагогикалык кенешмеде мектептин өнүгүү программасынын максаты, мидеттери, багыттары жана күтүлүүчү натыйжалары менен педагогикалык жамаатты тааныштырды. «Окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу» деген темада доклад окуду. Усулдук бирикмелердин Ар бир педагогикалык кенешмеде, усулдук бирикменин отурумдарында жана өндүрүштүк кенешмелерде төмөндөгүдөй темаларда докладдар окулду.

1. Абдирайимова К.А «Кыргыз тилинде окуучуларга жекече мамиле кылуу менен окууга жана сабаттуу жазууга үйрөтүү»
2. Турунтаева К.А «Окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу»
3. Алтымышова Э.К «Дифференцированный подход к учащимся на ураках русского языка»
4. Сүйналиева М.М «Кыргыз тили жана адабиятында дифференцирленген маиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу»
5. Сыдыков .К.Б «Ликвидация пробелов со слабоуспевающими учащимися»

Сканировано с CamScanner

6. Жумабекова Ж.С «Англис тилин окутууда дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу »
7. Мусабекова Б.Б С «Биология сабагында дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу »
8. Достиева Ж.А «Дифференцирленген окутуу ыкмалары»
9. Зарылбек к Ж С «Англис тилин окутууда дифференцирленген ммаиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу »
10. Токтогонова Р.А « Тарых сабагында дифференцирлен ыкманы колдонуу менен сапаттуу билим алууга тарбиялоо»
11. Чундукова З.М С «Англис тилин окутууда дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу »
12. Шайдуллаева Г.Ө С «Информатика сабагын окутууда дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу »
13. Апсалиева Б.Т С «Математика сабагында дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу »
14. Асаркулова Г.Б «Дифференцирленген окутуу менен математикага окуучуларды кызыктыруу»

Чейрек сайын окуу программасынын аткарылышы, жазуу иштеринин, лабороториялык, практикалык жана текшерүү иштеринин алынышы көзөмөлдөнүп турду. Ошондой эле план боюнча окуучулардын билим сапаты текшерилип мониторинг жүргүзүлдү

Мектептин эн негизги приоритеттүү багыты болуп окуучулардын билим сапатын жогорулатуу эсептелет.

**Окуучулардын билим сапаты боюнча:**


| | 2016-2017-окуу жылы |
|---|---|
| I | 27% |
| II | 32% |
| III | 36% |
| IV | 39% |
| жылдык | 38/% |




Сканировано с CamScanner

Окуу жылынын аягында билим сапат 2-11-кл 38% түздү.

| Окуу жылы | 1-4-класстар | | 5-9-класстар | | 10-11-класстар | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | билим сапат | жетишүү | билим сапат | жетишүү | билим сапат | жетишүү |
| 2016-2017 | **44%** | **99%** | **33%** | **100%** | **40%** | **100%** |




**4" жана "5" ке окугандардын, «5» ке окугандардын саны жана сапаты саны жана сапаты**

| Класстар/жалпы окуучулардын саны | «4» жана «5» ке окугандардын саны | | «5» ке окугандардын саны | |
|---|---|---|---|---|
| | 1856 | | 1865 | |
| 1-4-кл | 201 | 30% | 100 | 14% |
| 5-9-кл | 226 | 26% | 59 | 7% |
| 10-11-кл | 29 | 32% | 7 | 8% |
| жалпы | 456 | 28% | 166 | 10% |

Таланттуу окуучулар жана сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иш алып баруу боюнча бардык мугалимдер жылдык пландарын түзүшкөн. Бирок аны ишке ашырууда көпчүлүк мугалимдер тийиштүү денгээлде иш алып барышкан жок. Ошентсе да чейректин жыйынтыгы менен жетише албаган окуучулардын саны такталып, ата-энелерине билдирилип, каникул учурларда кошумча сабактарды уюштуруу менен ата-энелер канаатангандай дэңгээлде жыйынтыктар чыгарылды. Начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөдө окуучулардын жекече интеллектуалдык жөндөмдөрүн эске алуу менен ар кандай конкурстарга, иш чараларга катыштырууга мүмкүнчүлүк түзүү, сабакка болгон кызыгуусун арттыруу проблемасы турат.

Педагогикалык кызматкерлердин сапаттуу билим берүүсүнө жана аткарылган иштердин максатуулугуна жетүүдө, чыгармачылыктарын жогорулатууда, инновациялык ыкмаларга ээ болууда, баалоонун формаларын колдонууда билимдерин чыңдоо кошумча билим алуу талап кылынат. Мугалимдин өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө төмөндөгүдөй иш алып барышты:

- Методикалык теманын үстүндө иштөөсү
- курстан өтүүсү
- ачык сабактарды берүүсү

Сканировано с CamScanner

- Жолдоштук сабактарга кирүү
- Ачык сабактарды уюштуруу
- Предметтик декадаларда сабак берүү, сабактарга катышуу
- Чыгармачыл мугалимдердин иш тажрыйбасы менен алмашуу

2016–2017-окуу жылында мугалимдердин өз билимдерин өркүндөтүү боюнча КББА нан 14 мугалим курстан өтүшүп, ал эми кыска мөөнөттүү курстан 5мугалим өтүп, сертификат алышты. Педагогикалык кызматкерлердин билимин өркүндөтүүдө жаңы кабыл алынган инновациялык ыкмаларды колдоно билүү иш аракеттери ачык сабактарда чагылдырылып, билим берүү программаларынын максаттуу аткарылып жаткандыгын шарттайт. Ошондой эле мектепте уюштулган усулдук бирикмелердин декадалры анда жарыяланган конкурсатар окуучулардын чыгарчалылыктарын байытуу, кругозорун кеңейтүүгө түрткү берет

Тажрыйбалуу чыгармачыл мугалимдердин методикасын шаардык мугалимдерге көргөзүү жана жайылтуу максатында 20-октябрда орус тили предметинен шаардык семинар «Требования, предьявляемые к современному уроку о способы повышения образования школьников на уроках русского языка и литературы в национальной школе» деген темада өтүлдү. Семинарда Тентиева А.К, Алидинова Ж.Ч, Жунусова Б.М үлгүлүү ачык сабак өтүштү.

Жыл сайын өтүүчү «жүрөгүм менин балдарда» райондук сынагы 2017-жылдын 29-мартында өтүп, анда «мыкты мугалим» номинациясы боюнча биология мугалими Сыдыкова Жакут Закировна катышып 3-орунга ээ болду. Ушул эле конкурстун 2-этабында «мыкты окуу кабинети» номинациясы менен №4 информатика кабинети коюлуп, шаардык масштабда 1-орунга ээ болду. Окуучуларга сапаттуу билим берүүдө мыкты жабдылган окуу кабинетинин да маанилүү ролду ойнойт. Мектептеги 35 окуу кабинети профилине жараша тиешелүү окуу методикалык, дидактикалык жана таркатма материалдар менен камсыздалып, паспорттоштурулган жана иш пландары түзүлгөн. Коопсуздук техникаларынын эрежеси, санитардык-гигиеналык нормаларын сакталат.

Окуучуларга заманбап билим берүүдө техникалык каражаттардын мааниси абдан чоң. Мектепте 7 интерактивдүү доска (5 система), 7 проектор, 20 телевизор 20 DVD, 2 компьютер классында 28 компьютер (анын ичинен окуучулар пайдаланганы 20) 4 ноутбук, музыкалык аппаратура ж.б бар. MaxLink байланыш оператору тарабынан Интернет түйүнүнө 11 кабинети кошулган.

Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү илимий – изилдөө ишмердүүлүктөргө кызыгуусун арттыруу, окутулуп жаткан предметке окуучулардын кызыгуусун арттыруу жана жогорку класстардын окуучуларына кесипке багыт берүү максатында мектеп ичинде олимпиадалар өтүлдү. Ал эми райондук олимпиадага 30 окуучу катышып, 11 окуучу байгелүү орундарга ээ болушту

**1-орун**

Төлөнбек к Айчүрөк биология11-а

Сканировано с CamScanner

Максат уулу Ислам тарых 10-б
Сарубек к Диана химия 10-б

**2-орун**

Жаркынбай к Айдай география 10-а

**3-орун**

Тыныбек к Айгерим тарых 11-б
Кошбаев Султан англис тили 9-а
Ашырбай к Нуриза – физика 10-а
Темирбек к Айымкул – физика 11-а
3 окуучу кызыктыруучу (поощирителный) орунга жетишти
Ал эми олимпиаданын шаардык этабында Жаркынбай к Айдай географиядан 3-орун, Сарубек к Диана химиядан 3-орунга ээ болушту. Бул жылы орус тили предметинен гана олимпиаданын женүүчүлөрү болгон жок.

Окуучулардын илимий – изилдөө иштерин өнүктүрүү максатында эл аралык конференцияларга, ар түрдүү конкурстарга катыштырып келдик. Кыргыз Билим берүү Академиясы менен биргеликте таланттуу, чыгармачыл окуучулар менен семинар уюштурулуп,окуучулар илимий изилдөө долбоордук иштерди жазуунун талаптарын үйрөнүштү. 2017-жылдын 23-25-мартында Балыкчы шаарында өткөрүлгөн түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын окуучуларынын арасында "Түрк дүйнөсү-дүйнөлүк көркөм маданият" деген темадагы эл аралык илимий конференцияга 8 окуучу катышып, 7 окуучу байгелүү орунга ээ болушту

| | Катышкан окуучунун аты-жөнү | классы | темасы | илимий жетекчиси | ээлеген оорду |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Темирбек уулу Тилек | 10-б | Калпак-кыргыз погону | Казакова Н.Ө | 3-орун |
| 2 | Максат уулу Ислам | 10-б | Чүкө оюндары жана чүкө жөнүндө | Казакова Н.О | 2-орун |
| 3 | Жанарбекова Мунара | 11-а | Ислам дининин таралышы | Турунтаева К.А | |
| 4 | Бекназаров Жакшылык | 10-б | кыргыздарда кой союп, устукан тартуу каада салты | Казакова Н.О | 1-орун |
| 5 | Капарбекова Адина | 11-б | Кыргыз ысымдарынын сөздүк түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү | Турунтаева К.А | 1-орун |
| 6 | Төлөнбек к Айчүрөк | 11-б | Ген инженериясы бугун жана эртен | Сыдыкова Ж.З | 3-орун |
| 7 | Жаныбек к Айгерим | 10-б | Кыргызстандын экологиясынын глобалдуу жагдайлары | Сыдыкова Ж.З | 2-орун |

Сканировано с CamScanner

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Темирбек к А | 11-а | Боз үйдүн жасалышындагы геометриялык фигуралардын кезигиши | Чечеева М.З | 3-орун |

окуучулардынизилдөө иштерине кызыгуусун максатында кийинки окуу жылына окуучулардын илимий коомун түзүү пландаштырылды.
2016-2017-жылында жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынан өтмө баллдан (110балл) жогору алган окуучулардын саны көп болгонун байкадык. 42 окуучунун ичинен 39 окуучу ЖРТ тапшырып, 23 окуучу 110-150 чейин балл алышса, 150 жогору 7 окуучу балл алган. Эң жогорку баллды Төлөнбек к Айчүрөк 163 балл алды.

Жыл ичинде аткарылган иштерди талдоо менен төмөндөгүдөй **жыйынтыкка** келдик;
Мектепте мугалимдердин чыгармачылыктарын өркүндөтүү жана окуучуларга сапаттуу билим берүү боюнча тийиштүү шарттар каралган. Мектептин жыл ичиндеги ишмердүүлүгүндө конкурстарга катышуу, билим сапаттын стабилдүү өсүүсү, окуучулардын контингенти боюнча туруктуу абалдын сакталуусу, адистер менен толукталуусу, окуу планынын аткарылуусу талапка жооп берди. Мугалимдердин билим сапатка өзгөчө көңүл буруусу стабилдүү жолго салынып мезгил- мезгили менен текшерүүлөр жүргүзүлдү. Педагогикалык кызматкерлердин окуу планын аткарууда сабактардын сапаттуу берилүүсү, структурасынын сакталышы, инновациялык ыкмаларды пайдалануусу, электрондук материалдарды сабактын фрагметтерине камтуусу боюнча методикалык күндөр уюштурулуп, көзөмөл жүргүзүлүп турду. Окуучуларга сапаттуу билим берүүдө жаш өзгөчөлүгүнө жараша бекитилген окуу пландын негизинде психикалык-моралдык кысымга алынбаган жагдайда окутуу жүргүзүлөт. Алар толук кандуу акысыз окуу китептери менен камсыз болушуп, социалдык абалына жараша тиешелүү жеңилдиктерди алуу менен коопсуз шарттарда окутулду.

**Сунуштар;**

1. Мектептин тандап алган окуу тарбиялык темасынын теориялык жактан ачылышын практика жүзүндө өзүнүн сабагында колдоно билүү
2. Ар кандай денгээлдеги окуучулар менен иштөөнүн рационалдык жолун колдоно билүү
3. Окуучулардын билим сапатын жогорулатууда предметтик мугалимдердин жоопкерчилигин күчөтүү

ОТИ боюнча директордун орун басары Акимбай к Н

Сканировано с CamScanner